**УДК: 101.316.37**

**УРУМКУЛОВА Н.Т.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**УРУМКУЛОВА Н.Т.**
КНУ им. Ж. Баласагына
**URUMKULOVA N.T.**
KNU J. Balasagyn

# ЗАМАНБАП ЖАШТАРДЫН АКСИОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТЫ

# АКСИОЛОГИЧЕСКАЯ КУЛЬТУРА СОВРЕМЕННОЙ МОЛОДЕЖИ

# AXIOLOGICAL CULTURE OF MODERN YOUTH

**Аннотация**. Аталган макалада заманбап жаштардын аксиологиялык маданияттын изилдөөдө баалуулук буталарынын заманбап жана тарыхий концепциялары менен теориялары кеңири каралды. Жаштардын баалуулук буталарын өзгөртүүнүн жана калыптандыруунун жолдору каралып изилдөөнүн ага мүнөздүү болгон көйгөйлөрдүн динамикасы, тенденциялардын өзгөчөлүктөрүн аныктоого көңүл бурулду. Баалуулуктар-бул салыштырмалуу туруктуу, социалдык жактан шартталган адамдын материалдык жана рухий коомдук жыргалчылыктарынын жыйындысына болгон карым-катнашы. Адамга жашоо табият тарабынын берилсе, маданиятты болсо адамдар жаратат. Маданияттын баалуулуктары болсо материалдык жана рухий деп бөлүнөрү бизге жакшы маалым. Кыргызстандын заманбап жаштары өзүнүн калыптануусун көптөгөн эски баалуулук буталардын жана жаңы социалдык карым- катнаштардын калыптануусунун абдан татаал шарттарында болуп өтөт. Аксиологиялык маданият буталарын жана социалдык процесстерди анализге алуу заманбап илимдердин приоритеттүү милдеттеринен болуп эсептелет. Же баалуулуктар системасы боюнча маданият, гуманисттик дарамет, кандай өзгөрүүлөр күтүп тургандыгы туурасындагы коомдун өнүгүү перспективалары жөнүндө кеп кылууга болот. Коомдук аң-сезимдин нормативдик-баалуулук багытынын философиялык рефлексиясы айныксыз түрдө аксиологиялык салттардын өнүгүүсүнө таасирин тийгизет.

**Аннотация**. В указанной статье подробно рассмотрены современные и исторические концепции и теории ценностных ориентиров в изучении аксиологической культуры современной молодежи. Рассмотрена динамика проблем, присущих исследованию путей изменения и формирования ценностных установок молодежи, уделено внимание выявлению особенностей тенденций. Ценности - это относительно устойчивое, социально обусловленное отношение человека к совокупности материальных и духовных общественных благ. Если жизнь дана человеку природой, то культура создается людьми. Нам хорошо известно, что ценности культуры делятся на материальные и духовные. Современная молодежь Кыргызстана находится в очень сложных условиях многих старых ценностных ориентиров и формирования новых общественных отношений. Анализ аксиологических культурных целей и социальных процессов является одной из приоритетных задач современной науки.
Или можно говорить о культуре, гуманистическом потенциале и перспективах развития общества по системе ценностей. Философское отражение нормативно-ценностной направленности общественного сознания, несомненно, влияет на развитие аксиологических традиций.

**Abstract**.. In the mentioned article, modern and historical concepts and theories of value targets in the study of axiological culture of modern youth were considered in detail. The dynamics of the problems inherent in the study of the ways of changing and forming the value goals of young people were considered, attention was paid to identifying the peculiarities of the trends. Values are a relatively stable, socially determined relationship of a person to a set of material and spiritual social welfare. If life is given to man by nature, culture is created by people. It is well known to us that the values of culture are divided into material and spiritual. Modern youth of Kyrgyzstan takes place in very difficult conditions of many old value goals and formation of new social relations. Analyzing axiological cultural goals and social processes is one of the priority tasks of modern sciences. Or we can talk about the culture, humanistic potential, and the prospects for the development of the society according to the value system. Philosophical reflection of the normative- value orientation of social consciousness undoubtedly affects the development of axiological traditions.
**Урунттуу сөздөр:.** Аксиология, баалуулук буталары, жаштар, инсан, инновациялык күч, маданият, тенденция.

**Ключевые слова:** Аксиология, ценностные ориентация, молодежь, личность, инновационная сила, культура, тенденция.

**Keywords:** Axiology, value orientation, youth, personality, innovative force, culture, trend.

Заманбап жаштардын аксиологиялык буталарын (ориентацияларын), жашоо- турмуштук багыттарын, кесипкөйлүк тандоолорун ж.б. изилдөө кыйла ургаалдуумаселелерден болуп эсептелет: алсак, биздин өлкөнүн келечегине кам көрүүчү жаңы мезгилдин муундары өсүүдө. Андан сырткары, чоң кызыгууну төмөнкү маселелер да туудурду десек болот: диний тандоо, коомдук жашоого болгон мамиле, моралдык принциптер жана аларды бузуунун ылайыгы, бакыт туурасындагы элестөөлөр ж.б.[4-145 ]

Жаштар – бул социалдык алмашуунун эң маанилүү субьектиси, ири инновациялык күч. Бул күчтү биз акыл-эстүү пайдаланышыбыз керек. Бирок эске сала кетүүчү нерсе, ар кыл социалдык топтордун өкүлдөрү билим жана тарбия берүүдө бирдей багыттуулукта ээ эмес, б.а. билим берүүчүлүк жана маданий тарбиялоонун ар кыл деңгээлдери менен айырмаланышат. Ал эми аларга болгон талап барган сайын бирдей болуп баратат. Ага, албетте баары тең эле чыдай алышкан жок.

Анткени азыркы жаш муундардын билим берүүчүлүк жана кесиптик даярдоо деңгээлинен, алардын дүйнө көз караштык позицияларынан, Кыргызстандын кайра жаралуусунда активдүү катышууга болгон каалоосунан, дараметинен ж.б. көп жагынан биздин өлкөнүн эртеңки күнү көз каранды.

Аталган изилдөөнүн негизги маселеси – бул заманбап Кыргызстандагы жаштардын баалуулук буталарын өзгөртүү; максаты – заманбап жаштардын баалуулук буталарын аныктоо; обьектиси - заманбап жаштардын баалуулук буталары; предмети - заманбап жаштардагы баалуулук буталарды калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү.

Изилдөөнүн милдеттери:

Заманбап жаштардын баалуулук буталарын аныктоо;

- Реформалар мезгилиндеги жашт ардын баалуулук буталарынын динамикасынын өзгөчөлүктөрүн аныктоо;
- Баалуулук буталарынын өзгөрүү тенденцияларын анализдөө;
- Жүргүзүлгөн изилдөөгө тыянак чыгаруу.

Баалуулуктар – бул адамдардын ийгилике жетүүсүнүн максаттары жана жолдору туурасындагы жалаң кабыл алынган элестөөлөрү, аларга жүрүм-турумдун белгилүү бир социалдык кабыл алынган ыкмалары ыйгарылган. Алар нравалык принциптердин негизин түзүшөт. Баалуулук буталары ишмердүүлүктүн субөектисин орнотуусун калыптандырышат, алар белгилүү бир деңгээлде индивиддин социалдык жүрүм-турумдун багыттуулугун өзүнүн күнүмдүк ишмердүүлүгүндө алыдын ала аныктайт..[ 3-260]

Алар коомдук системанын эң туруктуу катмарын түзүү менен коомдо интегративдүү ролду аткарат. Жекелик жана коомдук баалуулуктарды бөлүп көрсөтүшөт. Биринчилери күнүмдүк жашоо-турмуштагы индивиддин жүрүм-турумдарын, экинчилери – анын коомдун өнүгүүсүнө байланыштуу баалуулук приоритеттерди тескешет.
Социологиянын заманбап концепцияларында баалуулук деп аң-сезимдин рационалдык максатын түшүнүүгө болот, ага болгон далалат аталган максатты маңыз менен толуктайт.
Заманбап жаштардын өз калыптануусу көптөгөн эски баалуулуктардын кыйла татаал жана жаңы социалдык мамилелердин калыптануу учурунда өткөн. Бул жерден келип адашуучулук, пессимизм, азыркыга жана келечеке ишенбөөчүлүк пайда болот.
Жаш муун инсан катары анын социалдык сапаттарынын өнүгүү деңгээлине карата калыптанышат жана аны конкреттүү тарыхый коомдун мүчөсү катары аныкташат. Өсүп жаткан муундардын социализациясы келечектеги ыктымалдуу өзгөрүүлөрдү эске алуучу жана алдыга озуучу катары болушу зарыл.[ 4-90б]
Акыркы жылдары жаштар туурасындагы бир канча ойлор да пайда болду. Бирок, азыркы жана келечектеги процесстерди прогноздоо үчүн реалдуу картинаны, кызыкчылыктарды жана жашоо-турмуштук пландарды терең изилдөөнү, баалуулук буталарды жана бардык конкреттүү тарыхый жана социалдык шарттарды эске алуу менен жаштардын реалдуу жүрүм-турумдарын билүү зарыл.
Жаштардын кызыкчылыктары коомдогу анын экономикалык, социалдык жана саясий ролу менен аныкталат, бирок төмөнкүлөрдү эске ала кетүү зарыл.
Жаштар – бул калктын экономикалык жактан корголбогон бир бөлүгү. Коомдо кесипчилик статусу кыйла эле төмөн турат. Бул жерде талант менен билим деңгээлге болгон суроо талап таптакыр эле болбой калат, натыйжада азыркыга, келечеке болгон адашуучулук, ишенбөөчүлүк калыптанып «акыл-эстин бузулуусуна» алып келет.
Жаштардын дээрлик көпчүлүк бөлүгүндө биздин өлкөнүн өткөнү - бул болгону трагедиялуу кылмыштардын жана алдамчылыктын тарыхый чынжырчасы экендиги жана тарыхый тандоонун жаңылыштыгы туурасындагы элестөөлөр тамырлашып калган.
Жаш муундардын баалуулук орнотуулары жана рухий дүйнөсү билим берүү жана тарбия процессинде үй-бүлөдө жана коомдо калыптанышат.
Албетте, баалуулуктар адам тарабынан акыл-эстүү жана акыл-эссиз өздөштүрүлөт. Акыркы учурда ал дайыма эле тигил же бул жалган  жана нравалык эмес баалуулуктарга, эмне үчүн ыктап жаткандыгыбызды түшүнө бербейт жана түшүндүрө алышпайт. Алар бүгүнкү күнү кыргыз ММК аркылуу өсүп келе жаткан жаш муундардын аң-сезимине активдүү сүңгүп киришүүдө. Анын үстүнө аталган баалуулуктарга өзүнө тартуучу касиетти ыйгарууга аракет кылышууда, анын бир себеби адамдар аларды образдуу-эмоционалдуу деңгээлде оңой өздөштүрүүлөрү үчүн.
Баалуулуктардын жеке системасын калыптандырууда жаш муундар коомдук аксиологиялык системага эле эмес, алар өзүлөрү тандап алган тууроонун үлгүлөрүнө датаянышат.[ 3-275б]
Жакында эле жаш муундар космонавтарга жана геологдорго окшошкулары келип, адабий каармандардын ак-сөөктүү жүрүм-турумдарында тарбияланышкандыгы баарыбызга эле маалым болсо керек. Бүгүнкү күнү жаш муундарыбыз үлгү катары сыналгыда берилип жаткан сериалдардагы анча туура «эмес» каармандарга окшошкулары келип жаткандары албетте бизди терең ойго салат.

Жаш муундардын рухий чөйрөдөгү негативдүү тенденцияларынын бирден-бир негизги себептеринен болуп тарбия системасынын бузулушу эсептелет. Бүгүнкү күнү аларды үй-бүлө, көчө жана телевидение, интернет булактары тарбиялап жатат. Бирок, бардык эле үй-бүлө татыктуу тарбия бере бербейт, ал эми телевидение, интернет булактары болсо жаштардын баалуулук орнотуларын, жашоо стилин, образын массалык керектүү маданиятынын рухунда калыптандыруучу тарбиялык процесстен көңүл ачуучулук процесске айланып калды. Жаш муундар «жашоонун тууралыгы» деп телевидениеден, интернеттен видеодон берип жаткандын баарын эсептешүүдө, а чындыгында бул такыр эле жашоо эмес экендигин түшүнүшкөн жок. Улуу муундар тарбиянын идеологиялык негизи кандай болушу керек деген суроонун тегерегинде акыл калчагыча, жашоо өз нугу менен өтүп, жаш муундарга болгон көзөмөлдүн жетишээрлик деңгээлде болбой жаткандыгын баарыбыз эле көрүп-билип турабыз. Анын тарбиясынын жемиштери өзүнүн өнүмүн берүүдө. Тарбия маселесин токтоосуз түрдө кайрадан баштап, тарбиялык иштердин системасын калыбына келтирүү зарыл, антпесек биздин коомду чоң кыйроо күтүп турат.

Жаш муундардын жашоо-турмуштук буталарынын жана баалулуктарынын динамикасын изилдөө - коомдун жашоосунун жана анын өнүгүүсүнүн тенденцияларынын ар кыл аспектилеринин анализи үчүн куттуу кыртыш болуп бере алат. Аталган чөйрөдө жергиликтүү илим тарабынан эмпирикалык жана теоретикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүлөрдө бай тажрыйба топтолуп, маанилүү илимий жыйынтыктар алынды. Коомдогу болуп жаткан өзгөрүүлөр аталган изилдөөлөрдүн туруктуу муктаждыгын пайда кылып турат, анын үстүнө бүгүнкү жаш муундар – эртеңки бардык социалдык процесстердин активдүү катышуучулары..[1-87б ]

Баалуулуктар болуп биздин түшүнүгүбүздө бардык материалдык же идеалдуукөрүнүштөр эсептелет, алар үчүн индивид, социалдык топ, коом аларды алуу, сактоо жана ээ болуу үчүн шарттарды алдын ала көрөт, б.а. баалуулуктар – бул адамдар эмне үчүн жашашатжана эмнени баалашат.

Баалуулук өз табияты боюнча социалдуу келет жана социалдык жалпылык деңгээлинде гана калыпка келет. Ишмердүүлүк процессинде калыптанышкан жекелик баалуулук маанилер – коомдук жана жамааттык көрүнүштөр. Баалуулук мамиле ишмердүүлүк процессинде калыптанып, ишмердүүлүк аркылуу жүзөгө ашат. Адам максатты тандап алып, баалуулуктардын жекелик системасына ылайык келечектеги жүрүм-турумдун стратегиясын калыптандыра алат. Инсандын социалдык ролдорунун диапазону жана саны ал өзүн ишмердүүлүк жана мамилелердин ар кыл курамы менен идентификациялаган социалдык топтордун көп образдуулугу менен аныкталат .[2-78б

Ар бир роль - бул жалпы өлчөмдөрдүн жыйындысы, аларсыз коммуникацияны, адам менен дүйнөнүн социалдык байланыштарын орнотуу мүмкүн эмес.

Тандоо маселеси баалуулук мамилесиндеги эркиндик жана зарылдык маселесин карап чыгууга түрткү берет. Эркиндик бул жерде мүмкүнчүлүктөрдү тандоо эле эмес, обѳективдүү социалдык шарттардан, о.э. адамдын өзүнүн ушул мүмкүнчүлүктөрдү аңдап билүүсүнөн жана белгилүү бир тандоону аткаруу каалоосунан көз каранды болгон тандоонун мүмкүнчүлүгү катары каралат. Социологияда баалуулуктарды изилдөө алардын «жекелик эквиваленттерин» - баалуулук буталарын анализдөө менен байланышкандыгын айта кетүүгө болот. жаштардын баалуулук буталарынын динамикасын анализдөөдө ырааттуулук жана өзгөрмөлүүлүк деген эки механизминин иш-аракетин эске ала кетүү зарыл. Баалуулуктардын калыптануу процессии качан жогору тарабынан жүргөндө, коомдук моделди жасалма алмаштыруу коомдук жана жекелик өзгөрүүлөрдүн дал келбөөсүнө алып келет. Мисалы, жалпы адамзаттык баалуулуктар көптөгөн жаш муундар үчүн болгону потенциалдык баалуулуктар болуп эсептелишип, кыйла абстрактуу идеялардын мүнөзүнө ээ болушат.

Бута (ориентация) – бул орнотуулардын бүтүн системасы, дүйнө жүзүндө индивид (топ) кырдаалды кабыл алып, иш-аракеттин ылайыктуу образын тандап алат. Кандайдыр-бир социалдык баалуулуктарга багытталган буталар баалуулук буталар деп аталышат.
Баалуулук буталар инсандын курамынын эң маанилүү компоненти болуп эсептелет, аларда инсан тарабынан анын жеке өнүгүүсүндө топтолгон бүткүл жашоо-турмуштук тажрыйбасы жыйналат. Калыптанган баалуулук буталарынын болушу адамдын жеткилеңдинмүнөздөп турат.[ 3-288б]
Баалуулук буталар идеал менен абдан тыгыз байланышкан. Биз баалуулук мамилелер обөекти идеал менен салыштырууда жана теңештирүүдө пайда болорун айтууга толук укугубуз бар.
Социалдык шарттарды өзгөртүү, коомдук баалуулук буталарды алмаштыруу баалуулук буталарды жүзөгө ашыруу механизми жетектөөчү болбой, өз ордун адаптациялык механизмдерге бошотуп берүүсүнө алып келет. Аталган процесстин динамикасына инсандын жеке баалуулук системасына анализ жүргүзүү аркылуу байкоо жүргүзүүгө болот:
-болуп жаткан коомдук өзгөрүүлөргө карабастан субөектин мурунку баалуулук системасын сактоо. Өткөн тажрыйбанын процессинде калыптанган баалуулук буталардын жекелик системасы сырттан келген баалуулук маалыматка өзгөчө бир фильтр катары кызмат кылат;
-жекелик баалуулук системанын катарынын бузулушу. Жекелик баалуулук боштукту түшүндүргөн абал, алыстоо абалы;
-өнүгүү - качан баалуулук буталардын ички маңызы өзгөрмөлүү социомаданий чөйрөгө ыңгайлашуу механизминин жардамы аркасында байыганда инсандын баалуулук - буталык системасындагы өзгөрүү;
Заманбап жаштардын социалдык портретинде төмөндөгүдөй карама-каршы мүнөздөмөлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот:
-билимдүүлүктүн өсүп жаткан жана билимдин социалдык жана инсандык маңызынын жетишсиз макулдашылган деңгээли;
-жаштардын коомдук жашоого катышууларынын социалдык маанилүүгү жана өндүрүштүк эмес чөйрөдө, эң негизгиси бош убакыт чөйрөсүндө өздүк бекемделүүсүнө аракет кылуусу;

-социалдык кайра түзүүлөрдө активдүү катышууга аракет кылуу жана өзгөчөжаштардын социалдык ишмердүүлүктүн көптөгөн түрлөрүнө катышууларынын фактылык алыстоолору;
- курчап турган реалдуулуктагы кандайдыр-бир нерсени жакшы жагына өзгөртүү каалоосу жана жашоону өз алдынча жакшыртуу мүмкүнчүлүктөрүн жүзөгө ашыруусундагы жана изденүүсүндөгү пассивдүүлүк.
Иш-аракеттердин мындай абалы бир катар себептердин натыйжасы болуп эсептелди:
-өсүп келе жаткан муунга тарбиянын обьектиси катары мамиле жасоо натыйжаларды алууга ылайыкташкан авторитардык методика менен бекемделген, анда баарынан мурда адамдын аткаруучулук, конформистик ыңгайы көрсөтүлөт;
-Жаштардын бийликтен жана коомдун алдында турган маселелерди чечүүдөн алыстатылгандыгы;
-Жаштардын төмөнкү социалдык статуста болуусу;
-Өсүп келе жаткан муундун өздүк ишмердүүлүгүн тарбиялоого ылайыкташкан социалдык программалардын, инсандын өз алдынчалык, чыгармачылык, ишмердүүлүк сыяктуу сапаттарынын өнүгүүсүнүн жоктугу;

-Педагогдордун өсүп келе жаткан муундардын өздүк ишмердүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн үстүнөн иштөөдөгү даяр эместиги, ал тургай каалоосунун жоктугу.

Ар бир адамдын жашоосундагы өзгөчө ролу кесипти туура тандап алуусунда жатат. Жөндөмдүүлүктү ачып берүү, адамдын шыгын аныктоого жардам берүү - мектептер менен ЖОЖдун эң маанилүү милдети.

Жаштардагы кесиптик пландар эреже катары ар кыл себептердин таасиринин натыйжасында пайда болушат: алсак, ата-эненин, мугалимдердин, достордун, китептердин, теле берүүлөрдүн, жеке ой жүгүртүүлөрдүн ж.б. көз караштары.

Жогорку билимди көптөгөн адамдар алууга далалат жасашат. Бул албетте көңүл жубатаарлык нерсе. Бирок ЖОЖдор бардык эле каалоочуларды кабыл ала бербейт. Көпчүлүгү акча төлөп окуу формаларына тапшырышат, бирок азыркы кырдаалда бул өтө эле кымбат. Ошол себептен нааразычылык жана капа болуулар көбөйүүдө.

Көптөгөн жаш муундар өзүлөрүнүн келечегин ары кызыктуу жана айлык акыны жакшы төлөп берген жумуш менен байланыштырышат. Бирок, базар экономикасынын шарттарында жогорку квалификацияга ээ болбой туруп эле жакшы айлык-акыга ээ болуу үчүн бир топ мүмкүнчүлүктөр пайда болду.

Жаштар Кыргызстандын калкынын чоң социалдык тобу болуп эсептелет. Жаш курактык жана социалдык-психологиялык өзгөчөлүктөргө карабастан жаштарды ишмердүүлүктүн жаңы түрлөрүнө тартылышууда.

Бүгүнкү Кыргызстандык жаштарга эки эсе экстремалдуу шарттар коюлган: социалдык-экономикалык түзүлүштөгү чукул өзгөрүш баалуулук аң-сезимдин уроо кризиси менен коштолот. Улуу муундарга салыштырмалуу жаштар эч нерсе жоготушпайт, бирок ээ болууга да эч нерсе жок, капиталистештирилген коомдо жашабаган улуулар аларга эч жардам бере албайт. Жаштар эмне баалуу экендиги туурасындагы маселени кандай каражат менен гана болбосун же жаңы шарттарга ыңгайлашуу жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуучу жогорку квалификацияга ээ болуу, мурунку моралдык-нравалык нормаларды жана ийкемдүүлүктү четке кагуу жана жаңы реалдуулука ыйгайлашуусу менен чечүүгө тууракелет.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Пиаже Ж. Моральные суждения у ребенка. - М.: Академия, 2008.
2. Рахматуллина З.Я. Духовная личность: портрет современника. - Уфа: РИО БашГУ, 2009.
3. Тугаринов В.П. Избранные философские труды –Л. Ленинградского университета. 1988-

344. Формат **PDF** 13.4 Мб.

4. Файзуллин Ф.С. Гносеологический анализ ценностей и ценностных ориентаций. - М.:Наука, 2008.